| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br><br>ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ<br>АТАЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>АТАЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясынын**

# № 6 ТОКТОМУ

31.01.2025-жыл — Арал айылы

**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча түзүлгөн комиссия курамын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү Жобонун негизинде иш алып баруу үчүн түзүлгөн комиссия курамын бекитүү боюнча Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевдин маалыматын угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышын) кезектеги VI сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү Жобонун негизинде Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүндө иш алып барылсын.

2. Атай айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү үчүн түзүлгөн комиссия курамы жана регламенти бекитилсин:

Ж. Муса уулу : - айылдык кеңештин депутаты, комиссиянын төрагасы;

**Мүчөлөрү:**

А.К.Жаныбаев: - Атай айыл өкмөтүнүн башчысы;

А.Эрмек уулу: - айылдык кеңештин депутаты;

Д. Турдакун уулу: - айылдык кеңештин депутаты;

А. Нургазиев: - РАӨБ өкүлү;

П.Найманова: - жер адис;

К.Досматов: - Атай айылынын тургуну;

Н.Молдалиев: - Арал айылынын тургуну;

А. Бердибек уулу: -Бирдик айылынын айыл башчысы;

Ж.Жөжөбаев: - Атай айылынын айыл башчысы;

Ж. Догдурбек уулу: - Карл Маркс айылынын айыл ббашчысы;

3. Тооруктун жүрүшү боюнча мыйзамга ылайык иш алып баруу жагы жер адис П.Наймановага милдеттендирилсин.

4. Кабыл алынган токтом жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялансын.

5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Атай айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке жана айыл чарбасы, экология, жер жана өзгөчө кырдаалдар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**